«Ойлорум сага»

Сөзү: Борбуев Берадор Сманович(Бек Борбиев)

Обону: Борбуев Берадор Сманович(Бек Борбиев)

Түйүнүн тапчу элем түркүн сырдын

Табышмак жылмаюуңа неге сындым?

Сыйкырлап койдуң окшойт көңүлүмдү

Жөн жүргөн жүрөгүмдү эмне кылдың?

Ойлорум сага,

Кыялым сага,

Жан дүйнөм сага, сага

Сен жака барам

Ойлоймун сен деп,

Кыйналам сен деп

Жан дүйнөм сен деп күйүп жанат

Болотко бул жөнүндө, жазса баян

Түшүмдө сен жөнүндө келген аян

Сүрдөтүп сүрдөбөгөн жан элем го

Карасаң көздөрүңдөн неге таям?

Ойлорум сага,

Кыялым сага,

Жан дүйнөм сага, сага

Сен жака барам

Ойлоймун сен деп,

Кыйналам сен деп

Жан дүйнөм сен деп күйүп жанат.